**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**КОЧКОР РАЙОНУ**
**СЕМИЗ-БЕЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КОЧКОРСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**СЕМИЗ-БЕЛЬСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Семиз-Бел айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VI- чакырылышынын кезектеги XIV-сессиясынын

# Т О К Т О М У

**24-январь 2018-жыл № 14/8** **Кара-Тоо айылы**

**Семиз-Бел айылынын Жаңы конушундагы көчөгө Обонбаев Орозалынын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Эмгектин жана согуштун ардагери, көп жылдар боюу чабан жана жумушчу болуп эмгектенип бир нече сыйлыктар жана ардак грамоталар менен сыйланган, элге эмгеги сиңген 1925-жылы туулган Обонбаев Орозалынын ысмын ыйгаруу жөнүндөгү Семиз-Бел айылындагы Жаңы конуштун тургундарынын 19-январь 2018-жылдагы өткөрүлгөн элдин чогулушунун протоколун жана Семиз-Бел айыл башчысынын сунушун угуп жана талкуулап Семиз-Бел айылдык Кеңеши, **токтом кылат:**

1. Семиз-Бел айылынын жаңы конушундагы айыл тургундарынын чогулушунун токтому бекитилсин жана көчөгө « Обонбаев Орозалы » атындагы көчө деп аталсын.

2. « Обонбаев Орозалы » көчөсүнө мыйзамга ылайык көчөнүн атын жазып, катар номерин коюу иштерин жана көчөнү жарыктандыруу, көрктөндүрүү жашылдандыруу жана тазалык иштерин уюштуруу жагы Обонбаев Орозалынын балдарына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы туруктуу комиссияга жана Семиз-Бел айылынын айыл башчысы Намазбек уулу Бектурсунга тапшырылсын.

**Төрага:** **Р.Базаркулов**

**Жиберилсин:** Иш кагазына, көчө комитетине, айыл башчыга